УДК 81’362
DOI: 10.36979/1694-500X-2022-22-6-63-67

# СЕМАНТИЧЕСКИЕ И СТРУКТУРНЫЕ ОСОБЕННОСТИ ЛЕКСИКИ ЗВУКОПОДРАЖАНИЯ В КЫРГЫЗСКОМ И АНГЛИЙСКОМ ЯЗЫКАХ

***А.К. Мамытова***

*Аннотация.* Рассматриваются структурные и семантические особенности лексики звукоподражания в английском и кыргызском языках. Анализируются научные труды зарубежных и отечественных учёных, таких как М. Худайкулиев, А. Искаков, С. Кудайбергенов, Л.В. Щерба, А.А. Реформатский, А. Фрелих, И. Марчанд, С.В. Воронин, О.А. Казакович, и др. Лексика звукообозначения разделена на группы, учитываются их структурные, лексико-семантические, фонетические особенности и источник их звука. Как отмечается в статье, структурный и фонетический состав глаголов звукообозначения в английском языке упрощён, чем у глаголов звукообозначения в кыргызском языке. С точки зрения семантики мы можем видеть сходство между двумя языками.

*Ключевые слова:* звукоподражание; структурные особенности; фонетические особенности; семантические особенности; глагол; междометия; литература.

# КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛДЕРИНДЕГИ ТАБЫШ ТУУРАНДЫ ЛЕКСИКАНЫН СЕМАНТИКАЛЫК ЖАНА ТҮЗҮМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***А.К. Мамытова***

*Аннотация.* Бул макала англис жана кыргыз тилдеринде табыш тууранды сөздөрдүн түзүмдүк жана семантикалык өзгөчөлүктөрүнө арналган. Табыш тууранды лексикага көптөгөн чет элдик жана ата мекендик окумуштуулар илимий эмгектерин арнашкан, мисалга алсак, М. Худайкулиев, А. Искаков, С. Кудайбергенов, Л.В. Щерба, А.А. Реформатский, А. Фрелих, И. Марчанд, С.В. Воронин, О.А. Казакович, ж.б. Макалада табыш тууранды лексика жалпы түзүмдүк, лексика-семантикалык, үндүн булагына карай, фонетикалык түзүлүш өзгөчөлүгүнө карай топторго бөлүнгөн. Макалада белгиленгендей, англис тилиндеги табыш тууранды этиштердин структуралык, фонетикалык түзүлүшү кыргыз тилиндеги табыш тууранды этиштерден жөнөкөй болушат. Ал эми семантикалык түзүлүшү жагынан эки тилдин окшоштуктарын көрсөк болот.

*Түйүндүү сөздөр:* табыш тууранды; структуралык өзгөлүктөр; фонетикалык өзгөлүктөр; семантикалык өзгөлүктөр; этиш; сырдык сөздөр; адабият.

# SEMANTIC AND STRUCTURAL FEATURES OF ONOMATOPOEIA IN ENGLISH AND KYRGYZ

***A.K. Mamytova***

*Abstract.* This article is devoted to the structural and semantic peculiarities of the onomatopoeia in English and Kyrgyz. The article analyzes the scientific works of foreign and domestic scientists, such as M. Khudaikuliev, A. Iskakov, S. Kudaibergenov, L.V. Shcherba, A.A. Reformatsky, A. Frelikh, I. Marchand, S.V. Voronin, O.A. Kazakovich and etc. The onomatopoeia was divided into several subgroups in accordance with its structural, lexico- semanic, phonetic features and their sound sources. As noted in the article, the structural and phonetic composition of sound verbs in English is simplified than sound verbs in the Kyrgyz language. In terms of semantics, we can see similarities between the two languages.

*Keywords:* onomatopoeia; structural peculiarities; phonetic peculiarities; semantic peculiarities; verb; interjection; literature.

Англис жана кыргыз тилдеринде табыш тууранды лексиканын маселелери боюнча илимий эмгектер XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында башталган. Англис жана кыргыз тилдеринде табыш тууранды лексика окумуштуулардын көңүлүн бир нече факторлордун негизинде өзүнө тарткан:

1) алардын башка тилдерге салыштырмалуу мүчөлөрдүн уланышы менен жасалганы өзүнө көңүл бурдуруп тургандыгында. Эгерде кыргыз тилинде табыш тууранды уңгу көптөгөн морфемалар менен курчалып, табыш тууранды лексикага тиешелүү мүнөздөмөлөр сүйлөөчүгө жана угуучуга аз гана деңгээлде байкалса (мисалы, каткыр-ган-да*;* шарпыл-дап-тыр), ал эми англис тилинде табыш тууранды сөз бир гана уңгудан түзүлөт *bang (n), plop (n),* же болбосо, чектелген гана флексияны жардамы менен түзүлөт (*screamed, creaking, squeaker*);

2) англис тилинде табыш тууранды сөздөр конверсиялык ыкма менен сөз жасалуусу кеңири колдонулгандыгы, ал бир сөз түркүмүнөн экинчи бир сөз түркүмүнө оңой өтүп кетүүсү менен мүнөздөлөт *hiss (v) – hiss (n); ding-dong (n) – ding-dong (v);*

3) англис тилинде угуу кабыл алуусуна көбүрөөк басым жасалат, салыштыруу ирээтинде айта кетсек, француз тилинде үндөн таасирленүү, өзгөчө кыймыл-аракетти сүрөттөгөндө азыраак. Француз тилине салыштырмалуу, англис тилинде көрүү кабыл алууга караганда, угуу кабыл алуусуна көбүрөөк басым жасалат;

4) бир кыйла табыш тууранды бирдиктердин тил каражатында колдонулушу, кайталанма табыштардын алмашуусу (*blah-blah, chitter-chatter, snip-snap, flip-flap*) [1, с. 26].

Англис тилинде да, кыргыз тилинде да табыш тууранды сөздөр кайталанууга өтө бай келет деп көптөгөн окумуштуулар белгилешкен.

А.А. Реформатский мындай деп жазган: «Богат повторами английский язык, где они могут быть и полные (преимущественно звукоподражательные): quack-quack «кря-кря» (об утках), jug-jug – «щелканье соловья» или «звук мотора», plod-plod – «стук копыт лошади», tick-tick – «ход часов» и т. п.; неполные (с изменением гласной): wig-wig – «флаговый сигнал», zig-zig – «зигзаг», flick-flock – «шарканье сапог» или riff-raff – «сброд», сюда же относится и название игры ping-pong – «настольный теннис» (от звукоподражания «стук капель дождя по стеклу...» [2, с. 87]. Мындай кайталанмалар кыргыз тилинде дагы кеңири колдонулат.

Англис тилиндеги табыш тууранды сөздөрдүн мүнөзүнө карай И.В. Арнольд аларды 3 топко бөлгөн:

1) proper reduplicative compounds (окшош компоненттер) (*hush-hush, quack-quack*);

2) ablaut combinations (кайталанма комбинациялар) (*chit-chat, pow-wow*);

3) rhyme combinations (рифма комбинациялары) (*razzle-dazzle*) [3, с. 130].

Ошондуктан англис жана кыргыз тилдериндеги табыш тууранды бирдиктер окумуштуулар үчүн абдан керектүү жана изилдегенге кызыктуу материал болуп келген.

Англис тилиндеги табыш тууроо бирдиктерин изилдөөнүн тарыхын 3 этапка бөлсөк болот:

**1.** Баштапкы изилдөөлөр, көптөгөн материалдар колдонулуп сүрөттөө мүнөздөмөсү менен гана чектелет (Веджвуд, Мюллер, Суит, Партридж, Тун ж. б.).

Бул этапта берилген материалдар менен гана илимий иштер жүргүзүлүп, өзүнчө бир тилдерди айкалыштыруу менен негизги жалпы элементтердин маанилерин бөлүп көрсөтүшкөн. Көбүнчө баштапкы изилдөөнүн этабына туура келген англис тил илиминин окумуштуулары ономатопея менен үнсимволизмин өзүнчө бөлүп караган эмес.

**2.** Табыш тууранды лексиканы классификациялоо аракеттери жүргүзүлгөн (Н.П. Авалиани, И.В. Арнольд, Н.И. Ашмарин, С.В. Воронин, А.М. Газов-Гинзберг, Е.С. Жаркова, Х. Марчанд, А. Фрелих, Г. Хильмер, Н.М. Юсифов ж. б.).

Азыркы мезгилде табыш тууранды лексиканын көптөгөн классификациялоо түрлөрүн кезиктирсек болот, бирок аларды эки негизги багытка бөлүп дагы карашкан:

1) жалпы структуралык элементтери жана акустикалык үндүн сапатына карай (А. Фрелих, Х. Марчанд, С.В. Воронин, О.А. Казакович ж. б.);

2) үндүн булагына карай (Н.И. Ашмарин, А.М. Газов-Гинзберг, Н.П. Авалиани, Н.М. Юсифов и др.).

3) изилдөөнүн предмети (звукосимволизмди) бөлүп кароо; акустикалык маалыматтарга таянып чогулган материалдарды бирдиктүү системага салуу; тектеш эмес тилдердеги табыш тууранды сөздөрдө типологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү; текстте колдонулган табыш тууранды сөздөргө анализ жүргүзүү аракеттери; табыш тууранды этиштерге карата социолингвистикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү аракеттери көрүлгөн (мисалы, С.В. Воронин, И.В. Кузьмич, А.Б. Михалев, С.С. Шляхова ж. б.) [4, с. 233].

Кыргыз тилинде табыш тууранды сөздөр абдан эле кеңири колдонулат. Табыш тууранды сөздөр өзүнүн фонетикалык түзүлүшү жандуу жана жансыз нерселерден чыккан үндөрдү тил аркылуу калыбына келтирүү: *маа (baa), мөө (moo), тарс (thumb)* ж.б.у.с. Бул сөздөрдө көрүп тургандай, шарттулуктун элементи абдан эле күчтүү берилген. Албетте, окшоштуруунун дагы элементи сүйлөө аппаратыбыздын артикуляциялык мүмкүнчүлүгүнө жараша дагы кездешет.

Табыш тууранды сөздөрдү структурасы жана семантикасы боюнча бир нече топко бөлүп карасак болот:

1. Жаныбарлардан чыккан табыштарды тууроочу сөздөр (бул топту жапайы жана үй жаныбарларынын табышы деп бөлсөк болот): *маа* – кой, *мөө* – уй, *арс* – ит.

2. Канаттуулардан чыккан табыштарды тууроочу сөздөр: *кекилак-кекилик* – кекилик, *бытпылдык-бытпылдык* – бөдөнө, *каак-каак* – карга.

3. Курт-кумурскалардан, сойлоп жүрүүчүлөрдөн чыккан табыштарды тууроочу сөздөр: *ызз* – аары, *ышш* – жыландын ышкырыгы.

4. Адамдардан чыккан табыштарды тууроочу сөздөр (бул топту дагы өз алдынча бир нече топко бөлсө болот, мисалы, адам кайгырганда чыккан табыш тууранды сөздөр, адам кубанганда чыккан табыш тууранды сөздөр, адам өкүнгөндө чыккан табыш тууранды сөздөр ж. б.): *ха-ха-ха* – каткырык, *барк* – катуу айтуу, кыйкыруу, *күңк* – жактырбай акырын сүйлөө.

5. Кичинекей баланын лексикасын туураган сөздөр: *пых* – жаман, *үф* – ысык.

6. Жансыз нерселерден чыккан табыштарды тууроочу сөздөр: *даң* – барабандын үнү, *тарс* – нерсенин тийишүүсүнөн чыккан катуу үн.

7. Жаратылыштан чыккан табыштарды тууроочу сөздөр: *дүң* – күн уркүрөгөн, *шыр* – булактын агышы.

8. Өсүмдүктөрдөн чыккан табыштарды тууроочу сөздөр: *шуудур* – жалбырак, *тарс* – бутактардын сынышы.

Ал эми структурасы боюнча жөнөкөй жана татаал деп экиге бөлүп келишет. Ошентсе дагы алардын структуралык курамы алардын маанисине көз каранды.

Жөнөкөй табыш тууранды этиштер бир эле сөздөн турса, кыргыз тилинде айырмаланып жардамчы этиш *деп, эт менен жасалат, мисалга алсак, «Беккулу кана» – деп, барк этти. «Жок» – деп, күңк этти кемпир* (М. Элебаев). Татаал табыш тууранды этиштер эки же андан көп сөздөрдүн курамынан турат. Мындай табыш тууранды сөздөр үндүн кайталанып жатканын көрсөтүп, жардамчы этиштер менен түзүлөт да, аффикстердин жардамы менен түзүлгөн этиш боло алышат. Ал эми бул өз кезегинде үч моделдин негизинде жасалат десек жаңылышпайбыз:

1. Башка ситуацияларда синоним катары колдонула берүүчү сөздөр: *Астында кыйкылдап-чыйкылдап оркестри ойноп келатат. ‘The orchestra goes ahead with the thunder and noise*’.

Кээ бир учурларда мындай табыш тууранды сөздөр башка ситуацияларда синоним катары колдонула албашы дагы мүмкүн: *курс-тарс, күркүрөп-ыркырап*.

2. Экинчи топтогу сөздөргө, фонетикалык жактан гана биринчи сөз өзгөртүлөт да, өз алдынча турганда эч кандай маани бере албайт: *Яша эки колун шак-шук эттире тамандарына жанып алып, бийлей баштады* (К. Жантөшев). ‘Yasha began to dance, patting both hands on the soles’.

Бул моделде экинчи өзгөргөн компонент үндөрдүн ар кандай чыгып жатканын көрсөтөт. Эгерде бир компонент фонетикалык жактан өзгөртүлбөй кайталанса, ал бир нерсенин өзгөрүлбөгөн бир нече убакыт болуп жаткан үндү элестетет. Ал эми кайталанма компоненттин экинчиси фонетикалык жактан өзгөрүүгө дуушар болсо, ал анда бир эле табыштын ар

кандай манерада чыгып атканын көрсөтөт, мисалы (*даңк-даңк* – катуу чыккан үн, *даңк-дүңк* – катуу чыккан үн менен ачуу чыккан үндүн алмашуусу).

3. Бул топко эки компонент тең чогуу гана колдонула алат, бирок өз алдынча турганда эч кандай маани бере албайт: *ызың-кызың* ж.б.у.с.

М. Худайкулиевдин «Тууранды сөздөрдүн жасалышы жана анын өзгөчөлүктөрү» илимий эмгегинин үчүнчү бөлүгүндө тууранды сөздөрдү үч топко бөлгөн: 1) бир сөздөн түзүлгөн; 2) толук кош сөздөр (жуптары бири-биринен бөлүнбөгөн кош сөздөр жана жуптары өз алдынча колдонула турган кош сөздөр); 3) жарым-жартылай кош сөздөр (бөлүктөрүнүн ар бири өз алдынча колдонула турган кош сөздөр, кош сөздүн экинчи түгөйү колдонулууга болбой турган кошмок сөздөр, өз алдынча жалгыздан колдонулууга болбой турган сөздөр). Казак окумуштуусу А. Искаков табыш тууранды сөздөрдүн өзгөчөлүктөрүн белгилеп аларды төмөндөгүчө бөлгөн: 1) тууранды сөздөр өз алдынча турганда лексикалык мааниге ээ боло алат; 2) сырткы түзүлүшкө, структурага ээ; 3) этиш менен тикеден-тике байланышат; 4) сүйлөм ичинде кыймыл аракет бышыктоочтун милдетин аткарат; 5) тууранды сөздөрдүн уңгуларындагы үндүүлөрдүн өзгөрүүсү ал сөздүн маанисин өзгөртүүгө алып келет. С. Кудайбергенов кыргыз тилиндеги табыш тууранды сөздөрдү изилдегенде аларды үч топко бөлгөн: 1) эки компоненттин экөө тең толук маанилүү сөздөр; 2) эки компоненттин бирөө маани бербей турган сөздөр; 3) эки компоненттин экөө тең маани бербей турган сөздөр [5, с. 45].

Кээ бир окумуштуулар табыш тууранды сөздөрдү өз алдынча сөз түркүмдөрү катары белгилешет. Академик Л.В. Щерба, мяу-мяу, вау-ваугo окшогон табыш тууранды сөздөрдү сырдык сөздөргө кошуунун кажети жоктугун айтат [6, с. 82]. Бирок кыргыз тил илиминде табыш тууранды сөздөрдү көбүнчө сырдык сөздөргө кошуп карап келишет. Ал эми кээ бир окумуштуулар табыш тууранды сөздөрдү сөз түркүмдөрүнө кошпойт да, бирок сүйлөм ичинде ар кандай сүйлөм мүчөлөрүнүн ролун аткарат. Кыргыз тилинде табыш тууранды сөздөрдү этиштик сырдык сөздөр деп дагы атап коюшат, мисалы, *каткыр, кыйкыр,* же тууранды сөздөр *тарс-тарс* ж. б. [7, с. 67–71].

Баардык үндү тууруганда жана элестеткенде сөздүн маанисине үндүн басым жасалып жатканын сезебиз. Эгерде биз *арсылдак, чыркылдак*, *бытпылдык* ж.б.у.с. сөздөрдү уксак, жаныбарларды, тактап айтканда, чымчыктарды элестете алабыз. Мындай учурларда фонетикалык мааниси нерсенин (заттын) белгилери менен жуурулушуп, бизге ушул сөздөр эмне жөнүндө сөз болуп жатканын кабарлайт.

Ошентсе дагы, кыргыз тилине болобу же англис тилиби табыш тууранды этиштерди колдонгондо, кайталанма сөздөр кеңири колдонулат. А.А. Реформатский айткандай, табыш тууранды кайталанмалар *борс-борс* (ит), *хрю-хрю* (чочко), *ку-ку* (короз) ж. б. тилде көп колдонулат. Бирок кыргыз тилиндеги табыш тууранды этиштер, зат атоочтор жана башка сөз түркүмдөрү табыш тууранды аффикс менен флексиялардын көп улангaнына байланыштуу так даана көрүнө албайт.

Жыйынтыктап айтканда, табыш тууранды лексика кыргыз адабиятында (өзгөчө балдар адабиятында), кыргыз фольклорунда (жомоктордо, табышмактарда, жаңылмачтарда, макалдарда, эпостордо) көп кездешет. Табыш тууранды лексика англис жана кыргыз тилдеринде көптөгөн айырмачылыктарга ээ болсо да, окшоштуктарын дагы көрсөк болот.

Поступила: 21.03.22; рецензирована: 05.04.22; принята: 08.05.22.

***Адабияттар***

1. *Горохова Л.А.* О некоторых закономерностях перевода ономатопов в зависимости от функции, выполняемой ими в тексте // Лингвистика. Перевод, межкультурная коммуникация. Вып. 2. / Л.А. Горохова. Пятигорск: ПГЛУ, 2000.
2. *Реформатский А.А.* Введение в языковедение / А.А. Реформатский. М.: Просвещение, 1967. 542 с.
3. *Арнольд И.В.* Лексикология современного английского языка / И.В. Арнольд. М.: Изд-во лит-ры на иностранных языках, 1959. 351 с.
4. *Мамытова А.К.* Роль звуковых средств в звуковой картине мира / А.К. Мамытова // Наука и новые технологии и инновации. 2019. № 10. 232–236 с.

5. *Кудайбергенов С.* Кыргыз тилиндеги элестүү этиштер / С. Кудайбергенов. Фрунзе: Илим, 1981. 80-б.
6. *Щерба Л.В.* О частях речи в русском языке / Л.В. Щерба // Избранные работы по русскому языку. М.: Учпедгиз, 1957.
7. *Бешкемпирова А.И.* «Манас» эпосундагы тууранды сөздөрдүн семантика-стилистикасы: филол. илимд. дис. … канд. / А.И. Бешкемпирова. Бишкек, 2016. 210 с.